КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XVIII-чакырылышынын III-кезектеги сессиясынан**

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 28-майы № 27** **Барскоон айылы**

**Жергиликтүү бюджеттен социалдык муктаждыктарга жана айылдын өнүгүүсүнө акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Барскоон жергиликтүү кеңешине, айыл өкмөтүнө келип түшкөн Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын акиминин 2021-жылдын 11-апрелиндеги чыгыш № 02-28/113 жана 03-апрелиндеги чыгыш 02-28/1008, Барскоон айыл өкмөтүнүн мал чарбачылыгы боюнча адиси Н.Көкөевдин каттарын,, Барскоон айылынын тургуну Ж.Расулованын, мурунку Барскоон айылынын жайыт комитетинин төрагасы Э.Элебесовдун кайрылууларын, айыл өкмөтүнүн башчысы А.Асанбаевдин жана жооптуу катчысы Н.Сыдыкованын оозеки кайрылуууларын угуп талкуулап, жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 51-беренесине ылайык, жергиликтүү бюджетинин эсебинен төмөндөгү максаттарга акча каражаттары бөлүнүп берилсин:
- Барскоон айылындагы спорт комплексинин иш кагаздарын бүтүрүүгө 2024-жылдын бюджетинде каралган суммасы жетпей калганд ыктан 400 000 (төрт жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
- Тамга айылынын тургуну Э.Абылгазиеванын дарылануусуна 30 000 (отуз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
- Барскоон айылдык жайыт комитетинин төрагасы Э.Элебесовдун КАМАЗ автомашинасы айыл өкмөтүнө карамагына өткөрүлүп берилсин. Эмгек акыларына жана дарылануга акча каражатын сурагандыгы тууралуу кайрылуусу канагаттандырылып эмгек акысы мыйзамга ылайык эсептелип, бөлүнүп берилсин, дарылануусуна 30 000 (отуз миң) сом бөлүнсүн.
- Барскоон айылынын тургуну Ж. Рыскулованын жолдошунун дарылануусуна 10 000 (он миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
- Тамга айылындагы "Байчечекей" балдар бакчасынын жетекчиси

- Республикалык деңгээлде өтүлүүчү Көк Бөрү боюнча мелдешке “Жети-Өгүз Жети-Аке” райондук курама командасынын ат салышуусунун барып келишинин чыгымдарына көмөк көрсөтүүгө 88 000 (сексен сегиз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
-Жети-Өгүз районубуздун 40 мектептин спорттук мелдештин жеңүүчүлөрүнө акчалай сыйлыктарды берүүгө 110 000 (бир жүз он миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
-Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөтүнө жеке веб-сайт ачууга 200 000 (эки жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
-Барскоон айыл аймагында сүт тармагын жакшыртуу жана асыл тукум малдарын өнүктүрүү максатында айыл аймагындагы 4 жеке ветеринардык адистерди № 55 кесиптик лицейдин Кызыл-Суу айылындагы филлиалынан уйларды жасалма жолу менен уруктандыруу (осеменатор) курсун окутууга айылдык бюджетинен 24 000 (жыйырма төрт миң) сом акча каражатын бөлүнүп берилсин.
- Барскоон айылынын айыл өкмөтүнө тиешелүү мекемелерди камсыздандыруу үчүн тиешелүү акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб-сайтына жайгаштырып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевга тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин финансы-экономикалык, социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ибаков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 3 нуска